**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**СОКУЛУК РАЙОНУ**
**СОКУЛУК АЙЫЛ**
**КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**
**СОКУЛУКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

**05.09.2023-ж № 02-6/30**

## ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Административдик-аймактык реформанын**
**алкагында айыл аймактарды ирелештирүү боюнча**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы "Айыл аймактарынын дэңгээлинде пилотук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө №177 токтомун карап чыгып жана Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Байжигитовтун Административдик-аймактык реформанын алкагында айыл аймактарды ирелештирүү маселеси боюнча маалыматын угуп жана талкуулап Сокулук айылдык кеңеш

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Административдик-аймактык реформанын алкагында Сокулук айыл өкмөтү Саз айыл өкмөтү менен биригип ирелешүүгө макул .
2. Сокулук жана Саз айыл аймактарын бириктирип,Сокулук айылын административдик борбор деп аныктоо менен Сокулук айыл аймагы деп аталсын.
3. Өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы мүлктөр жана каражаттарды мыйзамдарда белгиленген тартипте өткөрүп берүү уюштурулсун.
4. Бул токтомдун аткарылышынын көзөмөлүн Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Байжигитовко жүктөлсүн.

Төрайым З.Дж.Саткеева